УДК: 801.81

Абакиров К.А.
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

# МИФ, ЛЕГЕНДА, УЛАМЫШ: ТЕК-ЖАЙЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада дүйнөлүк фольклордо кеңири таралып, маанилүү орун ээлеген мифтер, легендалар жана уламыштардын жанрдык табияты, алардын өзгөчөлүктөрү кыргыз элдик оозеки чыгармалары менен салыштырма ыңгайда илимий сыпаттоого алынат.*

Элдик оозеки чыгармачылыктын жанрдык системасында айрыкча көп талаш-тартыштын объектиси болгон, айрыкча көп жазылып, изилденип, бирок бири-биринен өзгөчөлүктөрү толук ажыратылып, такталбай чаташтырылып келген байыркы чыгармалардын катарына мифтер, легендалар жана уламыштар кирет. Алардын жанрдык, көркөм-эстетикалык белгилери бири-биринен толук ажыратылбагандыктан, эреже катары, көпчүлүк изилдөөлөрдө бирге, удаалаш караштырылат да, улам бир эле чыгарма бирде миф, бирде легенда, кээде уламыш делет. Ошол эле учурда дээрлик бардык изилдөөчүлөр алардын фольклордун эң эски, архаикалык түрүнө кире тургандыгын жокко чыгарышпайт. Алардын баарын диний ишеним, түшүнүккө жакын деп эсептешкен окумуштуулар да бар. Аларды байыркы адамдардын философиясы деп эсептегендер да жок эмес. Белгилүү орус тарыхчысы, этнографы С.А.Токарев буга байланыштуу буларды белгилейт: "Едва ли найдется другое такое явление в области духовной культуры человечества, по котором высказывались бы столь различные, прямо противоположные суждения, как мифология. Одни ее связывают и чуть не отождествляют с религией, другие резко ей противопоставляют. Одни смешивают с народными легендами, преданиями, сказками, другие отделяют от них. Одни считают мифологию реакционным грузом и балластом в духовном достоянии народа, другие напротив – прогрессивным фактором культуры" [1, 507-б.].

Миф, легенда жана уламыштарда көркөмдүк-поэтикалык, эстетикалык нарк-касиет башка элдик оозеки чыгармаларга караганда төмөн экендигин көпчүлүк адистер моюнга алышат. Бирок алар жалпы түшүнүктөрдү, элестерди конкреттүү сезимдик формада бере алышарын, б.а., белгилүү өлчөмдө образдуу чыгармалар экендигин, демек, искусствого мүнөздүү сапаттардан куру эместигин да жокко чыгарышпайт. Легенда менен уламыш тууралуу да ушундай эле карама-каршылыктуу көз караштар орун алып келет. Мындай абал, биринчи кезекте, миф, легенда жана уламыштарды ич ара байланыштырган учурлардын арбындыгы, ал түгүл бир эле фольклордук сюжетте катар орун алышы, экинчиден, алардын өзүнчө бүткөрүлгөн чыгарма катары жашоосу менен бирге жомоктор, эпостор, фольклордук тарыхый баяндар сыяктуу чыгармалардын составында кездеше берүүсү менен түшүндүрүлөт.

Аталган чыгармалар бардык элдердин фольклорунда бар экендиги талашсыз. Бирок алардын өткөндөгү жана азыркы учурдагы жашоо-өнүгүү жолдору ар башка. Эгерде байыркы гректердин, шумерлердин, хеттердин, Африка, Океания, Австралия, Американын жергиликтүү элдеринин мифтери айрымдары мурда, кээлери кийин кагазга түшүрүлгөндүгүнө карабай биздин күндөргө чейин, негизинен, "таза" абалында келип жетсе, кыйла элдердин мифтери, легендалары жана уламыштары өзүлөрүнүн баштапкы белгилеринен ажырап, фольклордук башка жанрларга сиңип, алардын составында нагыз өздүк белгилерин ачык сактабай калгандыгын көрүүгө болот. Маселен, орус фольклорунда бул жанрлар көбүнчө өзүнчө бөлүнүп каралбай келет. Алардын ордуна "быличка", "бывальшина" деген терминдер колдонулат. Ушундан улам белгилүү фольклорист Э.Померанцева: "В русском фольклоре одни мифологические образы встречаются только в быликнах и бывальщинах, другие в разных жанрах",- деп жазат [2, 183-б.]. Мунун өзү орус фольклорунда мифтер өзүнүн байыркы таза абалында биздин күндөргө дээрлик келип жетпегендигин айгинелейт. Кыргыз фольклорунда деле абал ушуга жакын.

Мифологиянын тек-жайы антикалык доордон алда канча улуу, эски экендиги белгиленип жүрөт. Мифология ал доорлордун рухий маданиятынын өзөктүү көрүнүшү

катары кабылданып, көнүмүш көрүнгөн аң-сезим формаларынын баштапкы булагы деп эсептелген. Байыркы адам өзүн курчап турган табият дүйнөсүнөн бөлүп карабастан, анын объектилерине өзүнө тиешелүү болгон сапат-белгилерди оoштуруп, окшоштуруп келгендиги аларда абстрактуу ойлоо жөндөмүнүн төмөн экендигине байланышат да, тотемдик, анимистик, фетиштик түшүнүктөрдүн мифтерде жыш, ажырагыс орун алышы буга ачык мисал болот. Ошентип, мифологиялык ойлоо архаикалуу болуп чыгат. Жашоо-турмуш формаларын оoштуруу аркылуу миф идеалдуу прообраз, баштапкы булак (архетип) катары кабылданган жаңы фантастикалуу, "жогорку реалдуулукту" (Е.М.Мелетинский) жаратуу максатын көздөйт. Демек, миф нерселердин, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын маани-маңызын анын генезисинен издеп, анын жасалышын, келип чыгышын, таралышын түшүндүрүүгө аракет кылат. Е.М.Мелетинскийдин ою боюнча, миф «социалдуу жана идеологиялуу болуп, жашап турган социалдык жана космикалык тартипти түшүндүрүп, санкциялайт. Муну менен катар ал ошол маданияттын көз карашынан туруп адамдын өзүн жана аны курчаган дүйнөнү да түшүндүрөт» [10, 169-б.].

Мына ушул өңдүү көз караштардан улам мифтин функциясын адистер ар башкача түшүнүшөт, анын жомокко, ырым-жырымга, философияга, динге, искусствого, легендага болгон карым- катышы да ар башкача баяндалат. Ошондуктан миф жалаң эле мифологиялык баяндамаларда гана орун албастан, ырым-жырымдарга, динге, философияга да аралашып кетет. Ушундан улам Е.М. Мелетинский: «мифология диндин да, поэзиянын да баштапкы формаларынын «кыртышы менен арсеналын» түзөрүн» белгилейт [10, 164-б.].

Мифтер, легендалар жана уламыштар тууралуу Европа, Америка жана орус фольклористикасында эбегейсиз көп жазылып келди. Алар өзүнчө чоң китепкананы түзөт десек болот. Дүйнө элдеринин мифтери, легендалары, уламыштары бирдиктүү жыйнак болуп жарыяланып да келе жатат. Ал эми кыргыз фольклористикасында фрагментардуу түрдө миф, легенда тууралуу көп сөз болгону менен, алиге дейре алар өзүнчө жыйнак катары жарыялана элек, атайын иликтөөлөр да сейрек. Бул багытта К.Байжигитовдун 1985-жылы жарыяланган "Кыргыз мифтери, легендалары жана уламыштары" деген эмгегин, "Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки", «Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика. I том» аттуу коллективдүү эмгектердеги аларга арналган чакан бөлүмдөрдү гана көрсөтүүгө болот [3]. Ошондой эле кытайлык кыргыз окумуштуусу Макелек Өмүрбай 1993-жылы Кызыл-Суу басмасынан жарык көргөн "Кыргыз эл ооз адабият негиздери" аттуу эмгегинде мифтерге жалпы мүнөздөмө берип, айрым мисалдарды келтирет. Уламыштар тууралуу да аталган эмгекте азыноолак сөз болот [7].

Ошентип, кыргыз фольклорунун арсеналында сыртынан караганда арбын көрүнгөнсүгөн мифтер, легендалар жана уламыштар алиге дейре жетишсиз иликтенип келүүдө. Мифологиялык сюжет, образдар мотивдер көбүнчө "Манас", "Эр Төштүк", "Кожожаш", "Жаныш-Байыш" (ж.б.) эпосторуна байланыштуу иликтенип, ошондо да, мифологиялык ой жүгүртүүнүн, мифологиялык образдын табияты конкреттүү мисалдар менен ачылып берилбей, анын ага жакын түшүнүк-көрүнүштөрдөн айырмачылыгы так айкындалбай, жалпы баяндоолор басымдуулук кылып келгендиги байкалат. Демек, кыргыз мифтери, легендалары жана уламыштары али да болсо тереңдетип, кеңейтип изилдөөгө муктаж. Белгилей кетчү нерсе: мифологиялык-баатырдык, тарыхый-баатырдык эпостордогу, жөө жомоктордогу мифтер алардын жалпы идеялык мазмунуна, көркөм структураеына ажырагыс бириктирилип, башкачараак функция аткарып калат. Кандай болгон күндө аларды эпостун жалпы түзүлүшүнөн бөлүп кароо мифологиялык ойлоонун тек-жайын биротоло жана толук көлөмүндө ачып бере албайт. Ал эми бүткөн чыгарма катары өзүнчө жашап келген мифтер, легендалар жана уламыштар жанрдын табиятына толук дал келип, алардын бири-бирине болгон жакындыктарын жана айырмачылыктарын конкреттүү мисалдар менен айгинелөөгө шарт түзөт.

Көз караштардын ар түрдүүлүгүнө карабай элдик оозеки чыгармачылыктын эң байыркы түрлөрүнүн бири деп эсептелген мифология тарыхый өнүгүштүн узак жана татаал жолун басып өттү . Дүйнөлүк жана улуттук идеологиянын, маданияттын, диний аң-сезимдин, философиянын, искусствонун, фольклордун, адабияттын онүгүшү

мифологиядан башталат деген аныктамада чындыктын үлүшү чоң. Азыркы кездеги фольклористика мифти **оозеки айтуунун** бизге белгилүү болгон эң байыркы формасы деп эсептейт, анткени ал дүйнөнүн маани-маңызын, андагы күчтөрдүн, кубулуштардын тек-жайын чечмелеген "абсолюттук чындыкты" берүүгө умтулат. Жалпысынан миф - байыркы адамдардын аалам, дүйнө, коом, турмуш, адам, табият кубулуштары (ж.б.) жөнүндөгү ой толгоолорунун, элестөөлөрүнүн, түшүнүктөрүнүн өзүнчө жыйындысы делет. Аларда дүйнөнүн жаралышы, анын түзүлүшү, кудайлар менен баатырлар тууралуу сөз болот, жашоо процесси түшүндүрүлөт. Кээ бир мифтерде адамдардын жаралышы жөнүндө айтылса, башкаларында кудайлар менен баатырлар, дөөлөр, желмогуздар, ажыдаарлар, алардын күрөштөрү сүрөттөлөт. Кээ бир мифтерде акыр заман (апокалипсис) темасы орун алат.

Мифология – бул философиялык, көркөм-эстетикалык категория, ал – байыркы адамдардын дүйнө, коом кубулуштары, көрүнүштөрү жөнүндө ой толгоо, элестөө-түшүнүктөрүнүн системасы. Анын баштапкы этабында стихиялуу баёо ишеним коомдук идеологиянын синкреттик формасынын негизин түзөт. Бирок ошол ишенимдин табияты көп катмарлуу жана татаал. Дүйнө элдеринин ичинен байыркы Египет мифологиясы биздин күндөргө дээрлик таза келип жетти. Анда диний-мифологиялык система жакшы сакталып, антропоморфизм өтө күчтүү. Авеста мифологиясында (байыркы Иран) Заратуштра дүйнөнү эки сферага: жакшылык менен жамандыкка, жарык менен караңгылыкка, иреттүүлүк менен баш-аламандыкка бөлүп карап, кудайлар менен демондорду карама-каршы коет. Адам болсо мына ушул эки түшүнүктүн ортосунда калганы айтылат. Якуттар ааламды: жогорку, ортоңку жана төмөнкү деген үч бөлүккө ажыратып карашат. Алардын ар биринин өзүнчө ээси бар деп эсептелет. Ушул өңдүү эле миф байыркы шумерлердин тарыхы катары милдет аткарып келген.

Адистер мифтердин келип чыгышын аныктоо үчүн мифологиялык доор деген түшүнүктү колдонушат. Байыркы гректердин мифологиясына карата ал доор үч этапка ажыратылат. Адам өз алдынча бир нерсе өндүрүүгө жарамсыз болуп, жаратылыштан гана даяр нерселерди алып, күн көрүүсү фетиштик доорду түзөт. Бул доордогу адамдардын аң-сезиминде заттардын, нерселердин тек-жайы жөнүндө үстүртөн гана түшүнүктөр болуп, жаратылыш жандуу касиетке эгедер деп эсептелет. Акырындап өндүргүч күчтөрдүн пайда болушу менен адамдар заттарды, нерселерди өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошентип, байыркы адамдар үчүн заттын фетиши пайда болот. Анимизм мезгилинде алгачкы адамдар өзүлөрүнүн күндөлүк жашоо-тирлиги үчүн керек болгон нерселерди өндүрүш куралдарынын жардамы менен алууга мүмкүндүк алышкан. Адамдын акыл-эсинде зат (нерсе, буюм) жөнүндө түшүнүк пайда болуп, зат фетиш катары каралбай калат. Зат жок болгон күндө да ал тууралуу түшүнүк адамдардын эсинде сакталып кала берген. Ошентип, анимисттик мифологиялык түшүнүктөр адамдардын кыялдануусунан пайда болуп, айрым учурларда фантастикалык деңгелге өсүп жеткен. Ушул өңдүү эле кыргыз элдик оозеки чыгармаларында мифологиялык түшүнүктөр кеңири орун алган.

Дүйнө жана адамдардын келип чыгышы тууралуу мифтер америкалык индеецтерде, Байыркы чыгыш элдеринде, полинезиялыктарда, Африканын, Австралиянын жергиликтүү элдеринде жыш кездешет. Аларда окшоштуктар арбын. Адам жаратылыштын объектилерине өзүнүн сапаттарын тартуулайт. Ага эң жөнөкөй мисал катары космогониялык мифтерди келтирүүгө болот. Мифтерде аалам дөөлөргө салыштырылып, анын бөлүктөрүнөн дүйнө жаралган деп эсептелет. Ошондой эле адамдардын байыркы бабалары зооморфтук жана антропоморфтук жандыктар катары сүрөттөлөт. Эпикалык баатырлардын мына ошондой жандыктарга каршы күрөшүн сүрөттөгөн фольклордук сюжеттер да кеңири таралган. Буга кыргыз эпосторунан да көптөгөн мисалдарды табууга болот. М.: «Манас», «Эр Төштүк» эпосторунда, түрк-монгол элдеринин чыгармаларында адамдардын ырайымсыз душмандары деп эсептелген ар кандай мифтик жандыктарга каршы күрөштү сүрөттөгөн учурлар жыш кездешет. Алардын көбү традициялуу мүнөзгө ээ болуп, ошол эпостордун архаикалык мүнөзүнөн кабар берет. Маселен, дүйнөнүн асман, жер үстү, жер асты деген үч сферадан турушу жана аларда көп сандаган ырайымсыз духтардын жашоосу, табият

көрүнүштөрүнүн зооморфтук жана антропоморфтук формаларга келтирилиши, ар түрдүү зат- буюмдардын магиялык касиеттерге ээ болушу сыяктуу түшүнүктөр, негизинен, бирдей эле шамандык ишеним менен шартталган. Ушундан улам түрк-монгол элдеринин оозеки чыгармаларындагы традициялуу персонаждардын көпчүлүгү окшош, аткарган функциясы да жакын. Кыргыз фольклорундагы жети баштуу желмогуз, ажыдаар, жез тумшук, жалгыз көздүү дөө ж.б. сыяктуу персонаждар түрк-монгол элдеринин көпчүлүгүндө учурайт. Демек, алардын байыркы мифологиялык түшүнүктөрүнүн бирдейлиги, окшоштугу оозеки чыгармалардын алгачкы үлгүлөрүнүн бир типте болушуна шарт түзгөн.

Бирок бул баяндамалардын бардыгы миф жөнүндө биздин түшүнүгүбүздү кеңейтип, маселенин ажатын ачып бере койбойт. Ошентип, миф дегенибиз эмне деген собол кайра коюлат. Батыш фольклористикасында мифологиянын келип чыгышы жана маани-маңызы боюнча төрт илимий көз караш жашап келет: 1) натуристикалык (натур-мифологиялык, астралдык-мифологиялык) көз караш боюнча миф табият көрүнүштөрүн, айрыкча, асман телолорун жандандырып сыпаттайт; 2) эвгемеристикалык көз караштан алганда, мифологиялык персонаждар реалдуу адамдар, болгону мифте алардын эрдиктери кыял менен коздолуп сүрөттөлөт (Г.Спенсер); 3) биологиялык (сексуалдык-биологиялык, психо-аналитикалык) көз караштан алганда, мифология адамдын аң-сезиминин түпкүрүнө катылган сексуалдык умтулууларынын натыйжасы (З.Фрейд); 4) социологиялык теория боюнча, мифтер – алгачкы общиналык коомдун курчап турган дүйнө менен байланышынын тикелей көрүнүшү (Л.Леви-Брюль) же социалдык практикасынын негизделиши (Б.Малиновский). Бири-бирин жокко чыгарган бул көз караштар деле миф маселесинин тек-жайын толук ачып бербейт. Ушуга ылайык, мифке берилген аныктамалардын мүнөзү да ар башка. Алардын айрымдарын карап көрөлү. Кыргыз адабиятчылары Ж.Шериев менен А.Муратов мифтерге төмөнкүдөй мүнөздөмө беришет: "Миф - байыркы адамдардын жашоо-тиричилик тууралуу ой жүгүртүүлөрүнөн улам пайда болгон, жаратылыш көрүнүштөрүнүн сырлары, кудайлар жана ойлоп чыгарылган ар кандай укмуштуу күчтөр жөнүндөгү чыгармалар. Мындай чыгармачылык адамдардын жаратылыш сырларын түшүнө элек мезгилде, ар кандай жоромолдордун натыйжасында пайда болуп, узак убакытар муундан муунга өтүп, жашап келген..... Мифтерде байыркы адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, жамандык, жакшылык жөнүндөгү адеп-ахлактын түшүнүктөрү көрүнөт" [4, 56-б.]. Алар мифтерди: этиологиялык, космогониялык, антропогоникалык жана эсхатологиялык деп бөлүштүрүшөт. Белгилей кетчү нерсе - мифтерде нравалык маселелер дээрлик көтөрүлбөйт. Ошондой эле көпчүлүк адистер мифтин негизги белгиси катары алар сөз болгон объектинин тек-жайын ж.б. түшүндүрүүсүн эсептешет. Бул дагы жогорудагы аныктамада орун алган эмес. Алардын жомоктон бир айырмасы да ушунда. Бул тууралуу фольклорист С.А.Токарев буларды жазат: "Мифами в собственном смысле слова, мы условимся считать такие народные повествования, в которых содержится объяснение тех или иных явлений природы или человеческой жизни" [1, 519-б.]. Мифти мындай "түшүндүрүү" функциясы "этиологиялык" деген термин мснен берилип жүрөт. Ал эми жогоруда Ж.Шериев менен А.Муратов тарабынан бериген аныктамаларда мифтин мына ушул белгиси эске алынган эмес.

"Манас" энциклопедиясында миф тууралуу төмөнкүлөр айтылат (Р.Жолдошев): "Алгачкы коомдогу адамдардын өздөрүн курчап турган дүйнөгө болгон эң жөнөкөй фантастикалуу түшүнүктөрү… Кыргыз мифологиясы, негизинен, үч топко бөлүнөт: биринчиси, дүйнөнүн, ааламдын жаралышы, анын абалынын ар түрдүүлүгү жана андагы ар кыл өзгөрүүлөр; экинчиден жаныбарлар дүйнөсүнүн келип чыгышы; үчүнчүдөн, жаратылыш объектилери менен жаныбарлардын колдоочусу (ээси) жөнүндөгү мифтер" [5, 107-б.]. Көрүнүп тургандай, мында мифтин аныктамасы жок жана мифтер мурдагыдай төрт топко эмес, үч гана түргө ажыратылган. Ал эми кыргыз мифтеринин алгачкы атайын изилдөөчүсү К.Байжигитов маселени кеңири планда караштырып келип, буларды жазат: " Миф - бул чындыкка такыр коошпогондук, - ал каерде пайда болуп, каерде жашабасын, аны чындыктай, тарыхый реалдуулуктай кылып, фантастикалык түрдө түшүндүрүү жана баяндоо. Т.а., мифология - бул философиялык, көркөм-эстетикалык категория, ал байыркы

адамдардын дүйнө, турмуш, коом кубулуштары, көрүнүштөрү жөнүндө ой толгоо, элестөө түшүнүгүнүн өзгөчө системасы" [6, 5-б.]. Изилдөөчүнүн ою боюнча, мифологиялык аң-сезимде иштелип чыккан образдар дүйнөнү, турмушту өздөштүрүүнүн өзгөчө формасы катары пайда болгон [6, 7-б.].

Адабиятчы А.Эркебаев кыргыздарда миф барбы деген суроо коюп, ага оң жооп берет да, буларды белгилейт: «Албетте, белгилүү тарыхый жана социалдык-маданий шарттардан улам кыргыз мифи Чыгыштын жана Батыштын бир катар элдеринин мифологиясына мүнөздүү классикалык стадияга өсүп жете алган жок. Азия, Африка, Америка жана Австралиянын маданий жактан артта калган элдеринин сөз өнөрүнүн маданиятын типологиялык жактан эске салган саны жагынан саналуу гана, структурасы боюнча анча татаал эмес кыргыз мифине барыдан мурда архаикалык стадия мүнөздүү» А.Эркебаев Е.Мелетинскийдин «миф жалаң эле дүйнө тааным эмес, баяндоо да болуп саналат деген көз карашын колдоого алып, «мифти адаттан сырт кайталап айтуу сөз өнөрүнүн эпикалык же болбосо баяндоо уруусу өсүп чыккан кыртыш болуп саналат» [9, 26-б.]. деп жазат. Адабиятчы мифтин жанр катары түпкү табиятына караганда анын оозеки айтылган кара сөз формасындагы баяндоочу жанрлардын жаралып, өнүгүшүндөгү маанисине, ушул сапат миф, аңыз, уламыш, легендаларды бириктирип турарына көбүрөк басым жасайт. Ал өзү да мындай мамиле мифтин жанрдык табиятын, коомдук, социалдык-эстетикалык функциясын, тек-жайын ачып бере койбостугун баамдап, бул жердеги талаш-тартыштар, пикир келишпестиктер «баяндоо формасы» менен «жанр» түшүнүктөрүн аралыштыруудан келип чыккандыгын адилет белгилейт (9, 26-б.), бирок өзү андан ары терендеп кирүүнүн ордуна «жомоктук эмес» прозанын маселелерин териштирүүгө өтүп кетет.

Ошентип, миф тууралуу көз караштар чексиз. Бирок байыркы адамдар мифти чындык, болгондо да айныбай ишенүүнү талап кылган чындык иретинде кабылдашканын да эске ала кеткенибиз жөн. Жогоруда анын жомокко. легендага, уламышка жана диний, философиялык көз караш, ишенимдерге жакындыгы жөнүндө сөз болду. Мифти айрыкча дин менен удаалаш караган, анын баштапкы формасы деп эсептеген, б.а., дин кандайча анимисттик элестөөлөрдөн келип чыкса, миф да о.э. жолду басып өтөт, түпкүлүгүндө ал примитивдүү дин болуп эсептелет деген көз караш бекем орун алып келди (Гримм, Макс Мюллер). Мындай пикирди марксисттик философтор да жактап келишкен. Ал эми Френк Джевонс мифологияны философиялык жана көркөм идеяларды чагылдыруунун жөнөкөй (примитивдүү) формасы деп караса, Саломон Рейнак аны аңгемелердин эле жөнөкөй жыйнагы деп караган. Мифтин кийинки изилдөөчүлөрү анын этиологиялык, б.а., табият кубулуштарын жана айлана-чөйрөдөгү нерселерди түшүнүдүрүп, чечмелөөчү сапатын негизги белги катары карашат. Мындай жөнөкөй мифтер бардык элдерде жыш кездешет. Мисалы: Нарцисс жөнүндөгү мифти алалы. Сулуу, бирок дегеле кыздарды жактырбаган Нарцисс суудан көрүп, өзүнө өзү ашык болуп калат. Өзүнө ашыктык сезимине чыдабай ал гүлгө айланат. Кыргыздардын "Тоотай мерген жана үч аркар " деген чыгармасында көзгө атар мерген Тоотайга үч аркар аттырбай коет. Ал үч аркарды кубалайт. Кудай аркарлардын тилегин кабыл кылып, асманга учурганда Тоотай мерген да тайганы менен кошо асманга учуп чыгат. Кубалашып жүрүп, баары жылдыз болуп калышат. Ошондон бери алар асманда кубалашып жүрүшөт. Этиологиялык мифтер бир нерсенин себебин мына ушундайча түшүндүрөт. Мындай түшүндүрүүдө объективдүүлүк жок болуп, кубулушту персонификациялоо (антропоморфтуу жандык катары) менен субъективдүүлүк орун алат. Байыркы мифтер адегенде байыркы адамдардан рухий таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгын канааттандыруу милдетин аткарып, "ким", " эмне", "качан", "кантип","кайдан" деген суроолоруна жооп берген дешке да болот. Бул көбүнчө диний, үрп-адат салттарына байланышпаган жөнөкөй мифтерге тиешелүү.

Эми миф менен легенданын, уламыштын жалпылыктары жана өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маселеге кайрылалы. С.А. Токарев мындай деп жазат: " Легендами принято называть те произведения народного творчества (народные рассказы), в основе которых лежат какие-то исторические события: таковы легенды об обосновании городов (Н.: Фив, Рима, Киева), о войнах, о видных исторических деятелях. Мифами в собственном смысле слова принято называть повествования, лишенные такой исторической

подоплеки. Его содержание - это, как правило, явления природы, а не исторические события " [1, 509-б.]. Бирок мындай айырмачылык шарттуу болуп чыккан учурлар бар. Маселен, грек мифтеринде легендалар да аралаш кездешет (Троя согушу, Аргонавтардын жүрүшү ж.б.). Миф менен жомокту айырмалоо мындан да кыйыныраак. Себеби жомок көбүнчө мифтен келип чыгат деп эсептелет.

Адабиятчы К.Байжигитов буларды белгилейт: "Легенда – насаатчылык мүнөзгө ээ болуу менен бирге, фантастикалык жана диний элементтерди мазмунуна тереңирээк сиңирип, ошол атрибуттар аркылуу жанрдык табиятын түзгөн эпикалуу, фольклордук прозалуу форма. Мында кадимки адамдар менен катар бир катар демонологиялык образдарды, персонаждарды, айталы, шайтан, олуя, пайгамбар, атүгүл кудайларды чагылдырган жанр [6, 8-9-б.]. "Уламыш" өткөн мезгилдин унуткус учурларын, тигил же бул тарыхый доор тууралуу баяндаган, тарыхий личностордун реалдуу иш-аракеттери, көрүнүштөрү жөнүндө, географиялык жана топонимикалык аталыштардын, наамдардын келип чыгышын түшүндүргөн, реалдуу окуялар менен фактыларды кыялдан чыгарылган, жок нерселер, б.а., фантазия (вымысел) менен шөкөттөп баяндаган оозеки поэтикалык, эпикалык проза деп таанылып жана аныкталып келет. Ал ар дайым тарыхий материалга таянууга аракеттенет жана аны чындык катарында чечмелөөгө умтулат. Уламышка канчалык деңгелде кыялдан чыгарылган окуялар коошпосун, баары бир шексиз чындык (достоверность) катары кабылданат (6, 9-б.)". Легенда менен уламыштар түпкүлүгү мифтерден келип чыгып, акырындап анын үстөмдүгүнөн арылып, өз-өзүнчө жанр катары калыптангандыгы байкалат. Б.а., аларда мифологиялык аң-сезимдин, мифологиялык ойломдун күчү бара-бара азаят да, коомдук өнүгүнүн кийинки этаптарына мүнөздүү түшүнүктөр басымдуулук кыла баштаган. Экөөндө тең мифологиялык элементтер тигил же бул деңгээлде сакталып калгандыгы табыгый көрүнүш. Анткени алар чыгыш теги боюнча тамырлаш чыгармалар деп эсептешке толук негиз бар.

Мифтер көркөм кыялдануу ыңгайында түзүлсө да, курулай кыялдануу эместигин, анын объектиси жаратылышты таанып, анын жашыруун сырларын ачууга багытталгандыгын белгилей келип фольклорист-адабиятчы Б.Кебекова миф «табият кубулуштарын, анын өзгөрүү закондорун түшүнүүгө жасаган алгачкы ой жүгүртүү-кыялдануулуларын, аракеттенүүлөрүн чагылдырып турат» [11, 553-б.] - деп жазат. Окумуштуу легенда, аңыз, аңгеме, болумуш, санжыра сыяктуу оозеки прозанын үлгүлөрүн өзүнчө караштырбастан, алардын миф менен жанаша турган учурларын белгилеп, уламышка кыйла кеңири токтолуп, анын төмөнкүдөй жанрдык өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтөт: «Биринчиден, уламыш өткөндөгү тарыхый окуялар, тарыхый адамдар, алардын өмүр жолуна байланыштуу айтылып, реалдуу фактыга, негизге таянып, кандайдыр бир деңгээлде чындык менен жанашып турат… Экинчиден, уламышка кандайдыр бир болуп өткөн окуяны баяндап, артка кайрылуу мүнөздүү болуп, өткөндү келечектин позициясы менен түшүнүүдө баалуу. Үчүнчүдөн, уламыш өткөн окуянын же бир фактынын болгон себептерин ачат, түшүндүрөт» [11, 517-б.]. Буга удаалаш далил катары келтирилген мисалдар Б.Кебекованын уламышка оозеки прозанын өзүнчө жанры катары айкын позициясынын ишенимдүүлүгүн айгинелеп турат.

Фольклорист Э.Померанцева " быличка ", " бывальщина ", "предание", " легенда" деген терминдер синоним катары колдонулуп келгенин айта келип, төмөнкүлөрдү белгилейт: " Предание стремится, прежде всего, сообщить факт, его основная функция познавательная. Особенность эта явно выступает в историческом предании, но заметна и в этиологических и других его видах. Легенда же, сообщая необыкновенный факт, стремится поучать: идеализируя своих героев, призывая подражать им, она утверждает их святость, подвижничество или героизм. Основная ее функция дидактическая" [2, 173-б.]. Бул жанрлардын ар бири тематикалык, сюжеттик өз чөйрөсүнө ээ болот жана өзүнчө образдар системасы менен айырмаланат. Жогорку аныктамалардын өзүндө эле миф менен уламышты, миф менен легенданы айрым белгилери боюнча аралаштыруу байкалып турат. Мифте баяндалган нерселер да, легенда баяндамалары да тарыхий чындыктай кабылданат деген аныктаманын өзү эле буга мисал болот. Анын үстүнө бул чыгармалардын бардыгында тигил же бул деңгээлде абстрактуу түшүнүктөр орун албай

койбойт. Бул көптөгөн элдердин мифтери, легендалары жана уламыштары үчүн мүнөздүү көрүнүш. Маселен, М.С.Полинская төмөндөгүлөрдү белгилейт: «Одна из существенных отличительных черт полинезийской мифологии (в сопоставлении с мифологиями других океанийцев) - наличие большого количества абстрактных понятий. Так, в самоанском мифе творения фигурируют Даль, Бесконечность, Протяженность, Простор, Дух, Дума, Мысль и т.д. Для полинезийской мифологии характерно также совмещение в одном мифе нескольких этиологических мифов. Иначе говоря, происхождение некоего объекта или явления возводится одновременно к нескольким первоисточникам» [8, 23-б.]. Мунун түпкү себеби дүйнөнү кабылдоонун метафоралуулугуна таянган мифологиялык аң- сезимде жаткандыгы шексиз.

Кыргыз мифтеринде жогоркудай абстрактуу-философиялык түшүнүктөр (мейкиндик, мезгилдик ж.б) сейрек. Анда башка абстрактуу- фантастикалык түшүнүктөр жана персонаждар арбын. Аларды өзүнчө чыгарма катары калыптанган мифтерден, легендалардан жана уламыштардан тартып, башка жанрдын составынан орун алган жанрларга чейин кеңири кездештирүүгө болот. Фольклордук жанрлардын пайда болуп, калыптанышында алардын ролу чоң.

Элдик эпостордо мындай мисалдар мол учурайт. Аларда баатырлардын бойго бүтүп, төрөлгөнүнөн тартып анын бардык жоортуулдарында, эрдик иштеринде, кыйынчылыктарда ар тараптан колдоо көрсөтүп келген мифтик персонаждардын катышуусу табигый көрүнүш. «Манас» эпосунда да Кызыр, Баба дыйкан, Кырк чилтен, Дөөтү, Ак сакалчан Думана (ж.б) сыяктуу диний мифологиялык персонаждар мол учурайт жана алардын аткарган функциялары негизинен чыгыш элдерине кеңири тараган Угуз-кан, Сатук-Буурахан, Чыңгыз хан жөнүндөгү легендалардагы, «Алпамыш», «Маадай кара», «Көр уулу» (ж.б.) дастан-эпостордогу традициялуу образдарга өтө жакын турат. Алар бир чети эпостун байыркылыгын далилдейт. Албетте, эпостогу диний ишенимдер сыяктуу эле мындай пресонаждардын табияты жана функциясы тарыхий кырдаалга жараша өзгөрүп, трансформацияланып келгендиги шексиз.

Ошентип, миф, легенда жана уламыш фольклордун жанрдык системасындагы чыгыш теги кыйла татаал, узак жолду басып, доор-заманга жараша трансформацияланып, башка жанрлардын таасирин баштап кечирип, өз кезегинде өзү да аларга олуттуу таасир тийгизип келген чыгармалар экендиги талашсыз. Окумуштуу К.Байжигитов белгилегендей: «Миф байыркы элдердин, б.а., материалдык байлыктарды өндүрүүчүлөрдүн... коомдук практикасынын абалына жараша алардын социалдык психологясын, дүйнөгө көз караштары жана эстетикалык, нравалык нормаларын тикеден- тике билдирүүчү синкреттик каражат катары чыгат. Ошондой эле мифология идеологиялык жалпылоонун, рухий чыгармачылыктын туундусу. Чын-чынына келгенде коомдук аң- сезимдин архаикалык формасында көркөм чыгармачылыктын башаты бар» [6, 169-б.].

Ошентип, кыргыз фольклористикасында жыш колдонулуп келген миф, легенда, уламыш, аңыз, болумуш, санжыра, оозеки аңгеме деген жанрлардын ажаты толук ачыла элек. Булар ар бири өзүнчө жанрбы, же мифти аңыз, легенданы болумуш, уламышты оозеки аңгеме катары түшүнөбүзбү, булардын бири-бирине маанилик жана функционалдык дал келүүчүлүгү барбы-жокпу, санжыранын буларга жакындыгы, алыстыгы канчалык деген өңдүү маселелер өз чечилишин, кандайдыр бир жыйынтыктуу так баяндоону, дүйнөлүк фольклористикадагы теориялык жоболорду кыргыз фольклоруна жанаштырып, айкын мисалдар менен далилдөөнү талап кылып турат.

**Адабияттар:**

1. Токарев С.А. Ранние формы религии. - М., 1990.
2. Померанцева Э. Русская устная проза: Учебное пособие. – М., 1985.
3. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. - Ф., 1973.
4. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. /Түзг. Ж.Шериев, А.Муратов - Б., 1995.
5. «Манас»: Энциклопедия. II китеп. - Б., 1995.
6. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, легендалары жана уламыштары. -Ф., 1985.

7. Кыргыз эл оозеки адабият негиздери. М.Өмүрбай. II бөлүк - Кызылсуу кыргыз басмасы, 1993.
8. Полинская М.С. Предисловие. - В кн.: Мифы, предания и сказки Западной Полинезии /Составление и перевод М.С.Полинской. - М., 1986.
9. Эркебаев А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. – Б., 2004.
10. Мелетинский Е.М. Поэтика мифа. – М., 1976.
11. Кебекова Б. Миф жана уламыш. – Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. /А.Акматалиевдин жалпы. ред. астында. 2-басылышы. – Б., 2004.